УДК: 811.512.154(07)

*Курманалиева Ч.А., пед. илим. канд., доцент,* Kurmanalieva00@bk.ru
*Болотова Н.Б., магистрант*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ КАЛЛИГРАФИЯНЫН РОЛУ

*Окуучулардын жеке каллиграфиялык жазуусун жана графикалык көндүмдөрүн калыптандыруу логикалык принциптин негизинде ишке ашып, жазуу тамгалары системага салынат. Негизги шарттары болуп көз жана колдун иштеши, микроклимат, жагымдуу жагдай эсептелет. Жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн милдети окуунун бардык жылдарында тең бир катар уюштуруу иштерин аткарууну талап кылат. Бул милдет жазуу куралдары менен жазуу процессиндеги гигиенанын сакталышына тиешелүү. Жазуу куралдарына дептер, калем сап, түстүү калем кирет. Жазуудагы гигиеналык эрежелер: парталар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталган болушу керек; жазуу учурунда балдар туура отургузулууга тийиш; жазууда башты он же сол ийинди көздөй кыйшайтып отурууга жол берилбейт; балдарды тынымсыз жаздыра берип, чарчатпоо керек.*

*Балдардын кол жазмасын каллиграфиянын талаптарына жооп бере алгыдай кылып жазууга жетишүүдө мугалимдин өзүнүн жазуусунун каллиграфиялык көрүнүштө болушу балдардын үйрөнүшүнө чоң таасир көрсөтөт. Мына ошондуктан мугалим балдар үчүн үлгү боло турган деңгээлде жазууга жетишүү керек.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *каллиграфия, каллиграфиялык каталар, жазуу тамгаларын топтоштуруу, жазуунун сапаты.*

*Курманалиева Ч.А., канд. пед. наук, доцент,* Kurmanalieva00@bk.ru
*Болотова Н.Б., магистрант*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## РОЛЬ КАЛЛИГРАФИИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

*Формирование автоматизированности графического навыка и индивидуального каллиграфического почерка у учащихся по системе группировки письменных букв основано на логическом принципе. Важными условиями являются скоординированность работы глаза и руки, микроклимат, положительные эмоции. Задача чистописания требует проведения ряда организационных работ. Эта задача в процессе чистописания связана средствами письма и сохранением гигиены письма. К средствам письма относятся ручки, цветные карандаши. Правила гигиены чистописания: парты должны соответствовать возрасту учащихся; во время письма дети должны сидеть прямо; во время письма не допускается наклонять голову в левое или в правое плечо; дети не должны уставать от непрерывного письма.*

*Чтобы научить детей чистописанию и требованиям каллиграфии большое влияние имеет каллиграфия учителя. Таким образом, каллиграфия учителя должна быть примером для учеников.*

***Ключевые слова:*** *каллиграфия, каллиграфические ошибки, группировка письменных букв, качество письма.*

*Kurmanalieva Ch.A. Candidate of Pedagogical sciences, Associate Professor,*
*Kurmanalieva00@bk.ru*
*BolotovaN.B., master student*
*Issyk-Kul State University named after K.Tynystanov*

# THE ROLE OF CALLIGRAPHY IN PRIMARY SCHOOL

*The development of automated graphic skills and individual calligraphic handwriting of students in the system of grouping letters is based on a logical principle. Important conditions are the coordination of the work of the eyes and hands, the microclimate, positive emotions. Task penmanship requires a number of organizational work. This task in the pen-writing process is connected with the means of writing and maintaining the hygiene of writing. By the means of writing are pens, colored pencils.Handwriting hygiene rules: desks must match the age of the students;children should sit up straight while writing;during the letter it is not allowed to tilt your head to the left or to the right shoulder;children should not tire of continuous writing.*

*To teach children to calligraphy and calligraphy requirements is a great deal. The calligraphy of the teacher has a great influence on teaching children to calligraphy and calligraphy requirements. Therefore, teacher's calligraphy should be an example for students.*

***Keywords:*** *calligraphy, calligraphy errors, grouping of letters, letter quality.*

Ар бир адам үчүн жазуу кебин колдоно билүү көндүмдөрүнө ээ болуу абдан баалуу. Бул учурда жазуу туура, так жана сабаттуу болсо чыныгы сүйлөшүү каражатына айланат.

Каллиграфиялык жөндөмдөрдү калыптандыруу иши 1-класстан башталып, башталгыч мектепти аяктаганга чейин уланат.

Мындай иштин максат жана милдеттери жазуунун туруктуу орфографиялык, грамматикалык жана синтаксистик көндүмдөрүн калыптандыруу менен байланыштуу. Ошондуктан сабакта каллиграфиялык жактан өзүн башкара алуу менен бирге каллиграфиялык сергек көндүмүн калыптандыруу зарыл.

Заманбап окутуунун шартында белгилүү методист С.П.Редозубованын "сулуу жазуу, таза дептер үчүн күрөшү аркылуу биз чындыгында окуучулардын сабаттуулугу үчүн күрөшөбүз", - дегени бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жогото элек.

**Каллиграфиялык жөндөмдүн сабаттуу жазуу менен байланышы.**

М.Р.Львов:"Орфографиялык сабаттуулук – бул тил маданиятынын жалпы түзүүчү бөлүгү, ойдун так берилишинин жана бири-бирин түшүнө билүүнүн кепилдиги" деген аныктама берген.

Жазуу түшүнүгү үч бөлүктөн турат:

1. Алфавит жана каллиграфия;
2. Графика (тыбыштарды тамга менен белгилөө эрежелери);
3. Орфография (сөздөрдө тамгаларды туура жазуу системасын тандоо).

Жазуу эрежелеринин негиздери балдардын курактык өзгөчөлүктөрү жана билимди кабыл алуу деңгээлине карата башталгыч класстарда түптөлөт.

Жазуу эрежелери үч багыт боюнча үйрөтүлөт:

1. Фонематикалык угууну өнүктүрүүнүн негизинде тыбышты жана тамганы салыштыруу.

2. Сөздүн тамгалык жана морфемалык түзүлүшүн эстеп калуу, окуучулардын лексикасын, сөз байлыгын активдештирүү.

3. Тилдин бардык жактарын камтыган грамматика-орфографиялык маселелерди чечүү: фонетика, лексика, графика, сөздүн составы, грамматика, семантика.

Башталгыч мектепте жазуу эрежелерине ээ болуу процесси кеңири түзүлүшкө ээ. Анын ар бир элементи мугалимге башталгыч мектептин төрт жыл ичинде аткара турган

маселелерин алдыга коёт:

1. Окуучулардын орфографиялык ишке болгон мотивациясын калыптандыруу;
2. Кадамдар боюнча орфографиялык көндүмдөрдү калыптандыруу;
3. Кепти уга билүү же “тилдик интуицияны” өнүктүрүү;
4. Жазуу учурунда өзүн башкара билүүнүн негизи болгон орфографиялык көрөгөчтүктү калыптандыруу;
5. Байланыштуу кепти өстүрүп, жазуу учурунда пунктуациялык тыныш белгилерин колдоно билүү көндүмүн өстүрүү;
6. Каллиграфиялык жөндөмдөрдү калыптындыруу.

Айрыкча, башталгыч класстарда каллиграфия менен жазуунун сабаттуулугунун бири-бири менен байланышы өтө маанилүү. Тамганы кантип жазуудан мурда аны башка тамгалар менен байланыштырууну ойлонуп, окуучу кайсы тамганы тандоо керектигин чечип алуусу зарыл. Орфографиялык маселелерди чечүүгө убакыт канча аз королсо, тамгалардын туура жазылышына, туура байланышына, жазуунун байланыштуулугуна жана ритмикалуулугуна көбүрөөк убакыт берилет. Же тескерисинче: жазуунун көндүмү көбүрөөк калыптанган болсо, орфографиялык жөндөмдөр жеңил жана тез калыптанат.

Төмөнкү учурларда каллиграфиялык жөндөмдөрдү өстүрүү деңгээли сабаттуулукка таасир этери аныкталган:

1. Ири кол жазмада окуучулар орфографияны кыйынчылык менен өздөштүрөт, анткени бул учурда балдардын көрүүсү сөздү чыңалуу менен кабыл алып, орфограммаларды туура ажырата албайт.
2. Тамгалар даана берилбесе жана башка тамга менен байланышы болбосо, сөздүн структурасын бузуп, каталарга жол берилет. Айрыкча, алмаштыруу тибиндеги каталар, тамгаларды бурмалап жазуу оптикалык жана кинетикалык окшоштугунун кесепети болуп эсептелет.
3. Методикадагы кенебестиктер 1-класста каллиграфиялык көндүмдөрдү калыптандыруудагы туруктуу каталардан болуп кала берет. Ошентип, үзгүлтүксүз жазуунун талаптары өз артынан тамгалардын элементин толук жазбай калтырып кетүүгө жол берет. Көчүрүп жазуу көнүгүүлөрүнүн үлгүлөрү тамгаларды эки ирет жазууга жол берет.
4. Жазуунун ылдамдыгы жогорулаган шартта, ошондой эле окуучунун жазуудагы жай кыймылында жазуу сабаттуулугу төмөндөп кетери байкалган (окуу жылынын башында).

**Кенже курактагы окуучулардын графикалык жазуу көндүмдөрүн калыптандыруудагы психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрү.**

Жаңыдан жазууга үйрөнүүчүлөрдүн жазуу процессиндеги психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле советтик дидактиканын негизги жоболоруна ылайык, балдарды жазууга үйрөтүүнүн методикасына тиешелүү белгилүү талаптар келип чыгат.

Мындай белгилүү талаптардын бириболуп жазууга үйрөтүүнүн системалуулугу жана жөнөкөйдөн татаалга өтүүнүн ырааттуулугу саналат. Ушуга ылайык, таза жазуунун программасынын көрсөтүүсү боюнча тамгаларды жазууну үйрөнүү, алфавит тартиби боюнча эмес, тамгалардын жазылышындагы татаалдыгынын даражасы боюнча белгилүү ираттүүлүк менен өтүлүшүн талап кылат. Алиппе мезгилиндеги, сабаттуулукка үйрөтүүчү окуу сабактарында адегенде тыбыш жана тамга менен тааныштырылат. Андан кийин жазуу сабагында ушул өтүлгөн тамганын жазылышын үйрөнүшөт. Жазууга үйрөнүү убагында бала ар түрдүү көп эрежелерди билүүгө тийиш болгондуктан, балдарды жазуунун татаал процесстерин үйрөнүүгө даярдай турган көнүгүүлөрдү системалуу түрдө жүргүзүп,

машыктыруунун мааниси чоң. Ошондуктан мындай даярдык көнүгүүлөргө олуттуу көңүл бурууну К.Д.Ушинский туруктуулук менен сунуш кылгандыгы кокусунан эмес. К.Д.Ушинскийдин түшүнүгү боюнча, бул алдын ала жүргүзүлүүчү даярдык көнүгүүлөр тамгалардын эң жөнөкөй элементтерин жаза билүүнүн алгачкы ыктарын балдарга үйрөтөт. Муну менен бирге мугалимдер балдарды жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого үйрөтүүнү да дайыма көңүлгө тутуулары зарыл. Бул жөнүндө К.Д.Ушинский мындай деп жазган: «Мына бул даярдык көнүгүүлөрдүн учурунда жазуунун гигиеналык жана техникалык эрежелерин сактоого адат алдыруу баланын ден соолугу үчүн жана окуунун жүрүшү үчүн чоң мааниси бар. Ал адаттар биринчи жөнөкөй көнүгүүлөрдүн учурунда жеңил өздөштүрүлөт». Улуу орус педагогунун көрсөтмөлөрү балдарды жазууга үйрөтүп жаткан мугалимдер үчүн да чоң мааниси бар. Мына ошондуктан мектепте жазууга үйрөтүү системасында даярдоо көнүгүүлөрү өзүнүн мыйзамдуу ордунээлөөгө тийиш.

Балдардын кол жазмасын каллиграфиянын талаптарына жооп бере алгыдай кылып жазууга жетишүүдө мугалимдин өзүнүн жазуусунун каллиграфиялык көрүнүштө болушу балдардын үйрөнүшүнө чоң таасир көрсөтөт. Ошондуктан мугалим балдар үчүн үлгү боло турган деңгээлде жазууга жетишүү керек.

Балдар жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү мугалимдин жазып берген үлгүсү боюнча анын маанисин, техникасын түшүнбөстөн туруп, механикалык түрдө көчүрүү менен чектелбөөгө тийиш. Балдарды тамгаларды сулуу жазууга үйрөтүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар системалуу түрдө жүргүзүлүшү сөзсүз керек. Бирок алардын маанисин окуучулар түшүнүп жана аны сезимдүү мамиледе аткарууга мугалимдин жетишүүсү зарыл. Башкача айтканда, мейли тамганы жазганда болсун, мейли сөздү жазганда болсун, мугалим анын үлгүсүн гана көрсөтүп коюу менен чектелбестен, тигил же бул тамганы же сөздү кандай жазуу керектиги жөнүндө толук түшүнүк берип, практикада көбүрөөк кездешүүчү каталарды эскертет.

Башталгыч класстарда окуучуларды таза жазууга үйрөтүүнүн милдети, баарынан мурда, аны үйрөтүүнүн методикасын билүүнү талап кылат. Мунсуз жана аны жакшы билбей туруп, окуучуларга таза жазууну коюлган талаптын деңгээлинде үйрөтүү кыйын болот.

Графикалык көндүмдөр сенсомоторикага кирет, бирок булар эмгек ишмердүүлүгүнө камтылбайт, адамдын жазуу кебине жана орфография, кеп өстүрүү, окуу менен бирге калыптанат. Албетте, биринчи кезекте, жазуу кебинин калыптанышы борбордук нерв системасы, б.а., мээ ишмердүүлүгүнө байланыштуу:

- баш мээнин сол жарым шарчасы жазуу процессинин угуп талдоосуна жооп берет (угуп - жазуу);
- баш мээнин арткы жактагы жарым шаарчасы сүйлөө кыймылын башкарат (артикуляция);
- баштын желке, кара куш тарабы жазуу процессиндеги көрүүнү уюштурат; сол чеке бөлүгү жазуудагы ойду сактоого жооп берет. [1]

Окуу жылынын башында окуучулардын башмээсинин кыртышы толук, айрыкча, чеке бөлүгү аягына чейин калыптанбаган болот. Жазуу процессин ишке ашырууга зарыл болгон кыймыл жөндөмү жана көндүмү (манжалардын кыймылы, ийиндин кыймылы), мектепке чейинки курактан баштап туура уюштурулган шартта өнүгөт.

**Окуучулардын жазуудагы негизги кемчиликтери жана алардын сабаттуулук менен байланышы.**

М.Р.Львов жазуудагы каталардын классификациясы жана алардын методикалык көз

караштан келип чыгуу себептерин сунуштайт.

1. *Алфавиттик-графикалык каталар:* тамганын элементине кошуп же кайсы бир элементти кем жазуу.

Себеби – тамгалардын жазылышына толук көңүл койбогондук.

2. *Каллиграфиялык каталар:*

- Саптагы сызыкчаларды колдоно албагандыгы.
- Тамгалардын өлчөмүн сактай албагандыгы.
- Тамгаларды туура эмес байланыштыруу.
- Тамгаларды чоң же кичине жазып, аралыгын сакталбагандыгы.

Бул жекече каталар болгондуктан, туура жазуу иштери кошумча сабактарда жүргүзүлөт.

3. *Графикалык каталар:*

- Тамгаларды көңүл койбогондон улам калтырып кетүү же тыбыштарды айтуу кемчилиги себеп болот. Мисалы: Шарф-шар.
- Үндүүлөрдү калтырып жазуу (бала жазууда үнсүздөрдү жетекчиликке алат). Мисалы: Коньки - кньки.
- Тамгаларды алмаштыруу
- Каткалаң, жумшак, түгөйлүү үнсүздөрдү айырмалай албагандыктан.
- Диалектилик жактан айтылыш себебине ылайык.

Кенже мектеп окуучуларынын жазуусундагы типтүү каталардын себептери:

- Окуу жана жазуудагы тажрыйбанын аздыгы;
- Сөздөрдүн тыбыш-тамгалык талдоосундагы жөндөмдүн аздыгы;
- Эс тутумунун начардыгы, туруксуз көңүл буруусу, көңүл топтой албагандыгы; Психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрү;
- Кепти эске тутууда сөздөрдүн кептеги образын, угуп-түшүнүүнүн так эместиги;
- Тыбышты айтууда диалектинин таасири;
- Окуу процессинде жоюуга мүмкүн болгон жазуудагы типтүү каталардан дисграфияныайырмалай билүү.

Дисграфия–жазуу процессинин жарым-жартылай бузулушу, кайра-кайра кайталанган, кайталанма каталар. Мындай каталар жазуу процессинде катышуучу акыл-милдеттеринин аныкталбагандыгы менен негизделет. [1]

**Жазуунун бузулушундагы курактык топтор:**

I. Жазууну өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктар (1-класстын 1- жарым жылдыгында аныкталат).

1. Алфавиттеги тамгаларды толук билбегендиги.
2. Тыбыштан тамгага, басма тамгадан жазмага өтүүдөгү кыйынчылыктар.
3. Тыбыш-тамгалык талдоо жана жыйноонун кыйынчылыгы.
4. Сөздөрдү туура окуудагы кыйынчылыктар.
5. Кээ бир тамгаларды жазуунун татаалдыгы.

II. Жазуу процессин калыптандыруунун бузулушу (1-класстын экинчи жарымында жана 2-класстын 1- жарымында аныкталат).

1. Басма жана жазма тамгалардын аралашып кетиши.
2. Сөздүн айтылышын эстеп калуу кыйынчылыгы.
3. Тамгалап окуу.
4. Угуп-жазуудагы кыйынчылыктар.

5. Сөздөрдө үндүүлөрдү кошпой жазуу.

III. Дисграфия: бир же бир нече түрдөгү туруктуу каталар (2-класстын 2-жарымында аныкталат).

IV. Дизорфография: бышыктоодон кийинки жазуу учурунда орфографиялык эрежелерди колдоно албагандыгы (3-класста аныкталат).

Көрүнүп тургандай, дисграфия 1-2-класстарда аныкталбайт, бирок 1-2-класстан дисграфиянын белгилери бар балдардын топторун ажыратуга болот.

***Туруктуу каталардын себептери***– негизинен, органикалык мүнөздөгү каталар:

- Оозеки кептеги органикалык каталар;
- Кабыл алуу, талдоо жана мейкиндик, убакыт ырааттуулугундагы каталар.

***Каллиграфияга окутуунун методикалык негиздери.***

Методикалык адабияттарда таза жазуу сабактары каталардын түрлөрү менен түздөн-түз сунушталат.

**I. Таза жазуу иштеринин жалпы максаты:**

1. Сабаттуу жазуу кебин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
2. Окуучулардын каллиграфиялык көрөгөчтүгүн өнүктүрүү;
3. Таза жазуу материалынын негизинде орфографиялык көрөгөчтүктү жана кебин өстүрүү.

**II. Класстар боюнча графикалык көндүмдөрдү калыптандыруу өзгөчөлүктөрү таза жазуу иштеринин максаты менен байланыштуу:**

*Каллиграфия менен иштөөнүн негизги максаты*– жазуу көндүмүн калыптандыруу

**1-класс.**

Максаты:

1. Тамгалардын жазылышын, байланыш ыкмаларын үйрөнүү;
2. Графикалык жана каллиграфиялык эрежелерди өздөштүрүү;
3. 2-3 жеңил тамганы үзгүлтүксүз жазууга үйрөтүү;
4. Колдун кыймылын өнүктүрүү, жазууга машыктыруу.

**2-класс.**

Максаты:

1. Окуучулардын жазуу темпин тездетүү;
2. Ритмикалык жана үзгүлтүксүз жазууну калыптандыруу;
3. 1-класста алган көндүмдөрүн бышыктоо.

2 класста жазуунун шарты өзгөрүп, жазуу темпи жогорулап, орфографиялык иштердин көлөмү жогорулайт.

**3-4-класс.**

Максаты:

1. Жазуу көндүмүн автоматташтыруу;
2. Тууралыгын сактоо менен темпти тездетүү.

Окутуу процессинде каллиграфияны калыптандырууга, орфографиялык жактан туура жазууга көңүл бурулат. Сабаттуу жазуудагы өз алдынчалуулук окуучулардын жеке иштерди аткаруусу менен бааланат.

**Адабияттар:**

1. Бердслей О. Шедевры графики [Текст] /О.Бердслей. -М.: ЭКСМО, 2009. -216 б.
2. Желтовская Л.Я. Формирование каллиграфических навыков у младших школьников [Текст] /Л.Я.Желтовская, Е.Н.Соколова. -М.: Просвещение, 2005. -238 –13 б.

3. Савкина Н.Г. Дифференцированное обучение учащихся начальных классов с учетом разной функциональной асимметрии полушарий. -Ишим, 2010.